УДК: 373-78/1

**Ибраева Д. А.**
филология илимдеринин кандидаты
*КРУИАнын Ч. Айтматов атындагы*
*Тил жана адабияты институту*

## СҮЙЛӨМ ЖАНА АНЫН СЕМАНТИКАЛЫК СТРУКТУРАСЫ

**Ибраева Д. А.**
кандидат филологических наук
*Институт языка и литературы*
*имени Ч.Айтматова НАН КР*

## ПРЕДЛОЖЕНИЕ И ЕГО СЕМАНТИЧЕСКАЯ СТРУКТУРА

**Ibraeva D. A.**
candidate of philosophical sciences
*Institute of Language and Literature*
*named after Ch. Aitmatov of the NAS KR*

## SENTENCE AND ITS SEMANTICAL STRUCTURE

**Аннотация.** Бул макалада сүйлөмдү семантикалык өңүттө анализдөөнүн максаты – сүйлөмдүн смыслы кандай уюшулган, семантикалык компоненттер кандай карым-катышта байланышканы каралган.

**Негизги сөздөр:** структура, трансформация, схема, модел, функция, субъект, предикат, объект, атрибут, конкретизатор ж.б.

**Аннотация.** В данной статье целью анализа предложения в семантическом аспекте является определение того, каким образом организован смысл предложения и в каких взаимных связях находятся его семантические компоненты.

**Ключевые слова:** структура, трансформация, схема, модел, функция, субъект, предикат, объект, атрибут, конкретизатор и др.

**Annotation.** In the article, the purpose of analyzing a sentence in terms of semantics is to determine how the meaning of the sentence is organized and what the mutual connections between its semantic components are.

**Keywords**: structure, transformation, scheme, model, function, subject, predicate, object, attribute, specifier, etc.

Синтаксистин жаңы тармагы – сүйлөмдүн структура семантикалык жана коммуникативдик-функционалдык аспектилеринин изилдениши үстүбүздөгү кылымдын 40-60-жылдарында калыптанган структурализм тил илиминин жетишкендиктерин ар тараптуу өнүгүүнүн негизинде жүзөгө ашырылгандыгын танууга болбойт. Мунун негизинде трансформациялык грамматика же деревациялык синтаксис пайда болуп, көптөгөн эмгектер жарык көрдү жана ал структуралык-семантикалык синтаксистин өнүгүшүнө түрткү болду. Сүйлөмдүн ар бир структуралык схемасы өзүнө тиешелүү семантикалык структурасы менен коммуникация процессин ишке ашыруу үчүн колдонулат. Башкача айтканда, ар бир структуралык схема өзүн семантиканын эркин калкыган шартында көрсөтөт. «Тил система – структуралык түзүлүш катары айтымдар тымдар аркылуу реализациялана турган болсо, ошол эле учурда айтымдар өз ара байланышта, карым-катышта келүү менен, текст уюштуруучу информативдик мазмунга ээ семантика-синтаксистик зарыл структуралык бирдик болуп саналат. Айтымдардын туура түзүлүшү тексттин түшүнүктүүлүгүн камсыз кылат жана кыймыл-аракеттеги тил катары динамикалык мүнөздө түшүнүү аны коммуникативдик-функционалдык жана структура-семантикалык жактан изилдөө зарылдыгын көрсөтөт» [3. 2010, 729].

Синтаксисти изилдөө тилдик деңгээлде синтаксистик бирдиктердин абстрактуу схемасы менен иш алып барууга багытталса, кептик деңгээлде ошол схема конкреттүү ишке ашышы, кептик манифестацияда аткарылат. Сүйлөм тутумундагы синтаксистик процесстер жана алардын конкреттүү тилде ишке ашышы жалпы эле тил

илиминде татаал, көп кырдуу маселелерди камтыган актуалдуу проблемалардын катарына кирет. Анткени тилдин коомдук кубулуш катары функциясы маалыматтын көлөмүнө жана мүнөзүнө жараша сүйлөмдүн тигил же бул структурасында ишке ашат.

Семантикалык мүчөлөнүү өзүн грамматикалык мүчөлөнүүнүн мазмундуу жагынан көрсөтөт. Грамматикалык мүчөлөө жөнүндө окууда анын семантикасы грамматикалык деңгээлде ачылат: ээси субъектти, баяндоочу-предикатты, толуктоочу-объектти, аныктоочу-атрибутту, бышыктооч *(конкретизаторду, ордун, убагын, аракет-жолун,себебин, максатын, шартын)* билдирет. Бирок бардык семантикалык түгөйлөр лексика-семантикалык деңгээлде изилденет. Башкача айтканда, сүйлөмдүн семантикалык түзүлүшүн иликтөөдө тилчилер сүйлөмдүн грамматикалык жана лексикалык түгөйлөрүндө түзүлүп жаткан схеманын жалпы семантикасына жана конкреттүү семантикага жыйналган сүйлөмдүн толук тилдик маанисин табууга аракеттенүүдө.

Сүйлөмдүн логика-семантикалык структурасы төмөндөгүдөй компоненттерге бөлүнөт: *субъект, предикат, объект, атрибут, конкретизатор.* Алар сүйлөмдө ар кандай комбинацияда берилип, алардын өз ара мамилеси жаралат ошону менен катар сүйлөмдүн абстракттуу маанисин пайда кылат да, сүйлөмдүн семантикалык структурасын калыптандырат.

«Семантическая структура предложения – это абстрактное языковое значение, представляющее собою отношение семантических компонентов, формируемых взаимных действием грамматических и лексических значений членов предложения. Важно помнить, что категории семантической структуры предложения принадлежат целым классам предложений и поэтому представляют собой единицы общеязыковые» [4.1980,124].

Сүйлөмдүн семантикалык- структуралык спецификасын ачып берүү үчүн компоненттердин спецификасын, алардын уюшулушун жана карым-катыш мүнөзүн аныктоо зарыл. Бул үчүн аталган элементтердин кантип калыптангандыгын билүү керек. Сүйлөмдүн семантикалык структурасынын калыптанышы кандай татаал болсо, анын элементтеринин жаралышы да ошончолук татаал» [2. 1983,213].

Сүйлөмдүн семантикалык структурасы маанинин бирдигинен турат, анда семантикалык түгөйлөр болот. Негизги семантикалык категория болуп субъект жана предикат эсептелет. Сүйлөмдүн бул түгөйлөрү субъект-предикаттык мамилени билдирет. Семантикалык түгөйлөр дайыма эле белгиленген грамматикалык мүчөлөргө туура келе бербейт. Демек, сүйлөмдөгү мисалдарда, бир гана грамматикалык мүчө бар.

Ар кандай жөндөмөдөгү зат атоочтор аркылуу туюндурулган предикативдик белги тилде абдан көп кезигет. Бул сүйлөмдөгү этиштик баяндоочтун жоктугу норма болуп эсептелет. Баяндооч табыш жөндөмөдө туруп, грамматикалык маани жардамчы этиштер аркылуу берилет. Мисалы: ***Бермет үйдө.*** *Бермет үйдө эле. Бермет үйдө болчу ж.б.*

Сүйлөмдүн экинчи негизги семантикалык түгөйү болуп субъект эсептелет. «Субъекттин категориясы – бул баяндоочтук белгини алып жүрүүчүнүн категориясы: кыймыл-аракети аткаруучу же касиет-белгини алып жүрүүчү. Буга ылайыктуу эки жалпы маани болуп бөлүнөт: активдүү ишинин аракет субъектиси жана пассивдүү абалынын аракетинин субъектиси» [русс.гр, 1980,127]. С

Субъектилердин семантикалык классификациясы баяндоочтук белгилердин классификациясына байланыштуу каралат: аракети жана абалы: физикалык аракеттин субъектиси, жашоо субъектиси, ички абалынын субьектиси ж.б. Субъект аныкталган, конкреттүү белгилениши мүмкүн. Мисалы: *Машина келип токтоду* же аныкталбаган, конкреттүү белгиленбеген.

Ю. С. Степановдун оюу боюнча, субъекттин мүнөздөмөсүнүн натыйжасында, сүйлөмдүн үч тобу аныкталат [5.1981, 121].

1. «Мен» – сүйлөмү, айтуучунун өзү менен ээси окшоштурулат. Бул, башкы мүчө ат атооч жана этиш аркылуу туюндурулат. Мисалы: *Мен кеттим.*

2. «Ал» – сүйлөмү, ээ дайыма атооч жөндөмөсүндө болот: Мисалы: *Абам айылда. Энекем кетти.*

Грамматикада «субъект» жана «ээ» түшүнүгү бири-биринен айырмаланат. Субъект – бул семантикалык, ээ – грамматикалык категория.

Сүйлөмдө, баяндоочтогу сөздүн формасынын маанисине тиешелүү, о.э., сөздүн лек-

сикалык маанисинде белги же субъекттин өзүнөн чыккан касиети катары, же анын абалы же квалификациясы катары чыгат.

Белги объекттин өзүнөн чыккан касиети катары, субъект кандай, ал кандай ички же тышкы касиетке ээ, эмнеге окшош, эмнеге ылайыктуу, эмнеге белгилүү ж.б. белгилейт. Бул жерде төмөнкүдөй конкреттүү семантикалык класстарды бөлүүгө болот:

Тышкы жана ички касиеттери боюнча мүнөздөмө: *Мамлекетти куткаруу үчүн бир улуу инсан жетиштүү. Мүнөздүн жөнөкөйлүүлүгү – терең ой жүгүртүүнүн натыйжасы.*

Кимдир бирөөгө же эмне үчүндүр тиешелүүлүгү боюнча мүнөздөмө: *Жаныбарлардын өлбөстүгү - тукумунда, адамдын атак даңкы – иштеринде.*

Жаралышы боюнча, чыгышы боюнча мүнөздөмө: *Жөнөкөйлүүлүк –гениалдуулуктун белгиси. Эски кыякта да жакшы обондор ойнолот.* Мында кыяктын сапаты жакшы болсо, эскирсе да жакшы обондорду жаратат. Бул жерде кандай? *(эски)* жана *(жакшы)* сыяктуу сын атоочтор кыяктын жаралышы боюнча сапатын жана касиетин билдирет.

Окшоштугу, окшоштуруу боюнча мүнөздөмө: *Эшегине жараша тушагы* (макал). *Кайда барсаң - Мамайдын көрү* (макал). Бул жерде бардык жакта окшош эле турмуш. *Кайын эненин камыры.* Мында кайын энесине көп сапаттары окшош болуп калуу же кайын энесинин тарбиясы деген мааниде. Бул сүйлөмдө предикаттык белги субъекттин өзүнөн чыккан касиети катары берилет. Белги туруксуздун абалы, же квалификациясы катары, субъект кандай туруксуз абалда жүргөнүн, ал кандай ишти аткарат, анын дайындалышы кандай, ал эмнеге чакырылганын белгилейт: качан табылат, кимге дайындалат, кандай бааланат, кабыл алынат квалификацияланат. Бул топторго бириккен мааниси көп жеке класстарга ар түрдүү бөлүнүшү мүмкүн:

Орду, мейкиндиктик катыштыгы боюнча мүнөздөмө: *Сөз бирөөлөр арасында* (К.Ж.).

Убактылуу аралыгы боюнча, убактылуу белгиси боюнча мүнөздөмө: Мисалы: *Укчу соңунан. Эртең жамгыр төксө керек* (М.Э.).

Максаты боюнча, дайындоосу боюнча мүнөздөмө: Мисалы: *Аракет кылсаң берекет* (макал).

Тиешелүү мамилеси, себеби, шылтоосу боюнча мүнөздөмө: Мисалы: *кечиккендиктен шашылуу, үшүгөндүктөн көгөрүү, билбегендиктен жаңылуу* ж.б.

Экинчиден, субъект экинчи даражадагы мүчөдө, баяндоочу – ээде (*бир тутумдуу атооч сүйлөмдүн башкы мүчөсүндө*) бириктирилет. Мисалы: *Башында ак жоолук.* Бул жерде лексика-семантикалык чектелүү жоктугуна өзгөчө көңүл буруу керек: Бирок сөздүн лексикалык мааниси бул сүйлөмдө ар түрдүүчө болот: бирөөлөрү-тийиштүү эркин, башкалары-белгилүү таратылуу же курчоо, конституция шартында гана. Бул сүйлөмдүн негизги семантикасы-нерсенин өздүгү, аракеттин, абалынын нерселик көрсөтүлүшү. Номинативдик сүйлөмдө баяндоочтук белги жашагандыгы катары конкреттештирилет:

- Жаратылыш абалы, айлана-чөйрө (*күн-түн, жаз-күз ж. б*).
- Окуясы, жагдайы, аларды алып жүрүүчү же чыгаруучунун толук алаксытуусунда көрсөтүлүшү (*таң, күн күркүрөшү*);
- Нерсе-жак же жаксыз (*Бөлмө: сол жакта – диван, оң жакта шкаф);* Кимдир бирөөнүн ишкердиги, аракети, эмнегедир бир абал (*сүйлөшүү, табыш*).

Мисалы: *Өткөнкү анын жашоосу бүтүн жыргалы, бүтүн кайгысы.* Сүйлөмдөгү субъекттик мааниси менен жайылтылган формасын «субъект – анын жашоосу» семантикасы кимдир бирөөнүн аракети, абалы ж.б. маанисин пайда кылат.

Сүйлөмдөгү *«Асыл небереме беш жаш»* тиби бул анык чындык. Бирок, сүйлөмдүн экинчи тобунун арасында мындайлар жолуктурулат, мейкиндиктик-мезгилдик мааниде билдирилет жана бул сүйлөмдөгү субъект жана баяндооч өздүк эмес – субъекттик тиби катары бир сөздө – башкы сөздө туюндурулат.

Мисалы: *Кар астында – кайнар чие.* Бул түзүлүштөгү кар астында, баарынан мурда, субъекттин мейкиндикке тиешелүүсүн белгилейт, ал эми кандайдыр бир нерсенин (*чие*) ээси болбойт.

*Эртең-жыргал* деген сүйлөмдөгү тактооч (*эртең*) субъекттин боло турган убактысын билдирет. Бирок бул жерде ордунун талашы бар. Бул сөздүн мезгилдик мааниси өзүнө бул нерсени кошот деп, божомолдогонго мүмкүн. *«Эртең»* сөзүндө аталган убак, өзүнө майрамды, жыргалды аралаштырат, ал убактылуу карым-катышында бул нерсеге башка убак эмес ээ болот жана мейкиндик мамиледе айрыкча *«кар астында»* орду *булактын (чие)*ээси болуп эсептелет, айрыкча ушул орунга *ысык булак* (*кайнар чие*) тиешелүү.

Биздин байкообузда мындай, семантикалык структураларды анализ кылганда субъектти жана предикатты бөлүү абдан кыйын экендиги көрүнүп турат. Эгерде сүйлөмдүн биринчи тобундагы баяндоочтук белги кандайдыр бир даражада өзүнө бышыктоочтук маанини кошсо, анда экинчи топтун субъектиси жана мейкиндиктик-мезгилдик мааниси бир сөздөр аркылуу берилет.

Бир канча маанинин бир сөздө берилиши, алардагы эки семантикалык түгөйдүн батырылышы мындай сүйлөмдөрдө абдан көп учурайт.

Субъект жана баяндооч зат атооч, ат атооч же сын атооч, атоочтукта, сан атооч, кыймыл атооч, тактоочтор аркылуу туюндурулат. Эгерде төмөнкү макалды семантикалык жактан анализдесек, *«Бир жакшыга бир жаман»* анда алып жүрүүчүнүн бир касиети (*бир жаман*) алып жүрүүчүнүн башка белгисине (*бир жакшыга*) таандыгы аталат. Бул мисалда, көрүнүп тургандай субъект да, баяндооч да өзүнө кандайдыр бир атрибуттук белгини камтышы мүмкүн.

Сүйлөмдүн семантикалык структурасындагы негизги компонент болуп предикат эсептелет. Предикат да белгилик касиетте болуп, эң негизги өзгөчөлүгү катары анын предикаттык эмес белгилер менен болгон карым-катышын түшүнүүгө болот жана предикат катары шарттуу түрдө салттуу синтаксистеги сүйлөмдүн баяндоочунун касиеттин көрөбүз. [1. 2015, 287]. Демек, түрк тилдеринде анын ичинен кыргыз тилинде да баяндоочтун милдетинде этиш сөздөр гана эмес, бардык атооч сөз түркүмдөрү да келе бергендиги маалым. Мисалы, *күн али* ***эрте, Гүлбара мугалим.*** Белгиленген сөздөр сүйлөмдүн семантикалык структурасында семантикалык предикат болуп эсептелет.

Ал эми субъект - касиети предикат аркылуу аныкталып турган нерселик маанидеги сөз. Салттуу синтаксистеги ээ менен шарттуу түрдө шайкеш келген бирдик.

Сүйлөмдү тилдик бирдик жана кептик бирдик катары сыпаттоодо анын семантикалык аспектисине өзгөчө көңүл бурулат. Сүйлөмдүн грамматикалык структурасынын семантикасы дегенде, биз анын лексикалык толтуруу менен байланышсыз гана структуралык схемасынын, абстрактуу моделдин семантикасын түшүнүшүбүз зарыл.

**Адабияттар:**

1. Азыркы кыргыз адабий тили (фонетика, морфология, синтаксис, стилистика, текстаануу, лингпоэтика) – Бишкек: Б-сыз, 2009. – 287 б.
2. Ахматов, И. Х. Структуро-семантические модели простого предложения в совремменом карачаево-балгарском языке / И. Х. Ахматов, Алпаров, Г. Сайланма хезмотлор [Текст] / Г. Алпаров. – Казань: Татгосиздат, 1945. – 213 с.
3. Мусаев, С. Ж. Кыргыз тил илимининин маселелери. – Бишкек: Б-сыз, 2010. – 729б.
4. [Русс.гр,1980,124]. Грамматика современного русского литературного языка. – М.: Наука, 1970. – 127 с.
5. Степанов, Ю. С. Имена. Предикаты. Предложения (Семиологическая грамматика) – М.: Наука, 1981. – 121 с.